**БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**
**«БИШКЕКБАШКЫАРХИТЕКТУРА»**
**МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАСЫ**

720017, Бишкек ш. С.Чокморов көчөсү, 185,
тел. +996(312)318109 Ф:318110
e-mail: bga.kg@mail.ru
эсеп счету 1360040000437039
Бишкек шаарынын «Керемет Банк»
ААК «Керемет Банк-Чүй» филиалы
БИК 136001
МСКнын Бишкек шаары жана Чуй облусу боюнча
ИСТКБ түзүмү 999 ИУЖК 04016587
ЖСН 00709199210188

БИШКЕКБАШКЫАРХИТЕКТУРА

www.bga.kg

**МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК**
**МУНИЦИПАЛЬНОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ**
**«БИШКЕКГЛАВАРХИТЕКТУРА»**

720017, г.Бишкек, ул.С.Чокморова, 185,
тел. +996(312)318109 Ф:318110
e-mail: bga.kg@mail.ru
расчетный счет 1360040000437039
ФОАО «Керемет Банк»-
«Керемет Банк-Чүй» г. Бишкек
БИК 136001
999 УГНС по ККН
ОКПО 04016587
ИНН 00709199210188

________________ № __________________________

На №__________________от______________________

**Бишкек шаардык кеңешинин “Бишкек шаарында муниципалдык жана жеке менчикте турган жеңилдетилген типтеги объекттерди орнотууга талаптардын Эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомунун долбооруна жөнгө салуучу таасирди талдоо жөнүндө**
**КАБАРЛАМА**

Муну менен, “Бишкекбашкыархитектура” МИ укуктук жөнгө салууну талкуулоонун башталышы жана Бишкек шаардык кеңешинин “Бишкек шаарында муниципалдык жана жеке менчикте турган жеңилдетилген типтеги объекттерди орнотууга талаптардын Эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна ЖСТТ жүргүзүү боюнча кызыкдар жактардын сунуштарын чогултуу жөнүндө билдирет (мындан ары-Долбоор).

**Долбоор аркылуу чечүүгө багытталган көйгөйлөрдү баяндоо (мүмкүн болсо тиешелүү сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү келтирүү):**

Бул эрежелер Бишкек шаарында жеңилдетилген типтеги объекттерди жайгаштырууга карата жалпы эрежелердин жана талаптардын жыйындысын, алардын архитектуралык типтерин жана жеңилдетилген типтеги объекттерди жайгаштыруу зоналарын билдирет. Ошондой эле, шаардык мейкиндиктерде жеңилдетилген типтеги объекттердин (ЖТО) бардык түрлөрүн, анын ичинде жанында турган (тосулган) объекттерди жайгаштырууга талаптар түзүлөт.

**Сунушталган жөнгө салуунун максатын жана көйгөйлөрдү чечүү ыкмасын баяндоо (мүмкүн болсо, тиешелүү сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү келтирүү):**

Капиталдык эмес курулуштар укуктук жактан кыймылдуу мүлктүн бир түрү катары кабыл алынгандыктан, кыймылсыз мүлккө салыштырмалуу ЖТО пайдаланууну регламенттөө каралган эмес. Мындан тышкары, шаардык

деңгээлде жеке жана юридикалык жактарга таандык ЖТО жайгаштыруу менен байланышкан маселелер жөнгө салынбайт.

1. Долбоор Бишкек шаарында ЖТО жол-жоболоо жана жайгаштыруу эрежелерин белгилейт.
2. ЖТО жайгаштыруунун жол берилген зонасын аныктайт.
3. Жайгаштырылуучу ЖТО тибин, анын тышкы көрүнүшүн жана жанаша жайгашкан аймакты көрктөндүрүүнү уюштурууну аныктайт.

**Сунушталган жөнгө салуунун даректелүүчү-субъекттеринин мүнөздөмөсү жана санына баа берүү: Бишкек шаарынын аймагындагы жеке жана юридикалык жактар.**

1. Сунушталган жөнгө салуунун, аны киргизүү менен байланышкан кошумча чыгымдарды жана потенциалдуу даректелүүчүнүн пайдасын болжолдуу баалоо:

ЖТО орнотууга документтердин жарактуулук мөөнөтүн узартууда ЖТО ушул Эрежелерге ылайык келтирүү жөнүндө талаптар коюлат. Ушуга байланыштуу, ишкер кошумча чыгымдарды тартышы мүмкүн.

2. Аны киргизүүгө байланыштуу республикалык/жергиликтүү бюджеттин кошумча чыгымдарын жана пайдаларын болжолдуу баалоо:

Долбоорду кабыл алуу жергиликтүү бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.

Кабарламага тиркелет:

1. Коомдук кеңеш берүүлөрдүн катышуучулары үчүн суроолордун тизмеги:

- көрсөтүлгөн маселелер аныкпы, жөнгө салууну өзгөртүү менен чечүүнү талап кылабы;
- көрсөтүлгөн максат негиздүүбү, жетишүү үчүн маанилүүбү;
- сунушталган жөнгө салуу көйгөйлөрдү чечүүнүн бир кыйла артыкчылыктуу жолу болуп саналабы;
- сунушталган жөнгө салуу кабыл алынса, кандай пайда жана артыкчылыктар болушу мүмкүн;
- сунушталган жөнгө салуу кабыл алынса, кандай тобокелдиктер жана терс кесепеттер болушу мүмкүн;
- көйгөйлөрдү чечүүнүн альтернативдүү мындан да натыйжалуу жолдору барбы;
- сунушталган жөнгө салуу боюнча жалпы пикириңиз.

Кабарламанын маалыматын талкуулоо үчүн байланыш телефондору жана мөөнөтү

| | |
|---|---|
| 1. Сунуштар кабыл алынат: | |
| - электрондук почта боюнча | bga.kg@mail.ru |
| - почта дарегине | Бишкек ш., Чокморов көч.,185 |

| | |
|---|---|
| 2. Сунуштарды кабыл алуу мөөнөтү, кеч эмес | 02.09.2024 |
| 3. Иштеп чыгуучу органдын расмий сайтына сунуштардын жана жооптордун реестрин жайгаштыруунун мөөнөтү, кеч эмес | 05.09.2024 |

Начальник У.Карыбаев